тов Кыдыкеевой.

18/IV 57 г.

БИРИНЧИ АКТ

/Роль Айганыш/

1-бөлүгүм.

Айганыш - О, жараткан!
Кайсы күнү, кайсы жерде
Сүйүүгө мен кабылдым?
Эч тетиксиз, эч бир жипсиз
Торго кантип чалындым?
Сүйүү деген кандай неме,
Сурагым келет сырларын.
Талдап-талдап көргүм келет,
Эчен татаал кырларын.
Бирок, тагдыр, бизге,
Андай айла бербеди.
Миң айлалап,
Көп кайталап,
Сүйүүнү бир көрсөм дейм,
Бирок колдон келбеди.
[бар.] Бир гана көзгө көрүнсө,
Эгер сүйүү бар болсо,
Мен армансыз болор элем,
Жүрөгүмдү жарып, Курманбекти
Бир гана көрсөтүп койсо!

Гүлай - жүрөгүмдүн ичинде дегениңби? дегениңизби

Айганыш - Ооба, Гүлай!
Ал жүрөгүмдүн толтосунда!
Бир эсе жүгүрүп ойноп,
Жүрөктүн колкосунда!
Бир эсе эзип ойноп
Мээмдин ортосунда!

Гүлай-

Күндүзгү тынчымды алды,
Түндөсү уйкумду алды.
Сөздү келте чапканда:
Курманбек мени
Миң түркүн азапка салды.
Анткени сүйүү-
Көрүнбөгөн өрт окшойт,
Түтүнү жок жандырган.
Сүйүү деген -
Тымызын чапкан капкан окшойт,
Жаш денени талдырган.
Бирок, барын талдай келсем,
Түйүү алтын көрүнөт,
Алда кайдан жаркылдаган.
Сүйүү өзү канат окшойт,
Асманга учуруп калкылдаган.
Сүйүү өзү кубат окшойт,
Алга умтулуп сүйрөгөн,
Сүйүү чиркин бороон окшойт
Учкундап өрт үйлөгөн.
Бирде сүйүү -
Күзгү сымал
Таалайымды байкалтат.
Айланамы сандыргалап
Өмүр гүлүн жайкалтат.
Бирде сүйүү-
Ата, энедей
Акыл айтып
Алга карай жетелейт,

-Жаман жакка
Барбагын деп,
Жакшы жолго тетелейт.

Гулай - Ажыдаар белден баспайбы?

Айганыш - Аны билем.
Корундан кантип кутулам деп
Куну-туну ойлоп да журем.
Өлсем өлугум да Корунга барбайт,
Буга кылбагыла кунем.
Мен жалгыз гана
Курманбекти суйем!
бизге жардам берет деп
дайыма коксоп журем
Ошондуктан, кетким келет
Куйген ертту аралап.
Кеским келет
Ажыдаарды жаралап.
Жетким келет алдыдагы умутке
Ач албарстай темир торду араалап.

Гулай - Мен да кошулам, эже! Кыпчак кыз Канакей кайда?

Айганыш - баарыңарга акыл салам.
Кунден кунге ырбап барат
Журектегу чексиз жарам.
Курманбекке жетуу учун,
Айтыылачы,
Кандай айла табам?
Бирок бул сыр,
Эч кимге айтылбастыгын
Экеенун тең эсиңе салам!

Гулай - [illegible]

Айганыш - Кундур-тундур ойлосом,
Оюм онго бөлүнөт.
Бирде бакты-таалай көрүнсө,
Бирде көзүмө өлүм көрүнөт.

Салкын - садагандар!

Айганыш - Энекебай!
Гулай менен Гулгаакы
Бүгүн тоого баралы дейт.
Аркар, кулжа жолукса
Бир аз тамаша кылалы дейт.

Салкын - Баргыла, айланайындар!

Айганыш- Барып камынгыла,
Мен азыр барам!

Салкын - Ошененткиле, айланайындар!

Айганыш - Мага азык бер, эне!

Салкын - Кана, атаң кандай айла кылат?

Айганыш - Акыркы ирет айтам!
Атам менин тилими алсын,
Кызым Корунга барбайт деп,
Жуучуларды жолуна салсын.
Мындан ары келген жуучу болсо,
Аларды мага жиберсин!
Кан Корун чабышам десе!
Мага руксат берсин!

- Атышса атышам,
Чабышса чабышам.
Эгер атам буга көнбесе,
Мага руксат бербесе,
Аяктай жерди ойсун,
Мени сөөгүмдү далдалап койсун.
Кагылайын эне,
Атам экөөң таш боор болбогулачы,
Кантип душманым Корунга барам!
Адамгечилик менен ойлогулачы!

Дөдөн - Калган тура ~~кийрин~~ чиркин кайрат кагылып! баръын

Айганыш - /шып кирип келип/,
Ата, эмнеге кайгырдыңыз?

Дөдөн - Билдиңби, балдар?

Айганыш - Билдик ата,
Болбоңуз капа!
Эгер мени кызың дебесең,
Жарагымды алып
Жоо кийимимди кийейин,
Батаңы бер ата,
Көк тулпарыңы минейин.
Көптөн бери касын тиккен
Кан Корунга
Качырып бир кирейин.
Эдил. ~~Эдил абам кол башчы~~ болосу
Душманга колтук ачпас,
Жоодон кайра тартпас
Кыз, келин, жигиттерден

(Мен куйуоого кебиктерде каб... кийкем)
Абасына – Кызбаланын жоорунан чыккан баиша созболсо.

Арбын жыйып алалы,
Кол каптатып Корун келсе,
Бир калайман салалы.
Бактыбыз болсо,
Душманды жеңели,
Бакытсыз болсок
Душман колунан өлөлү!

Дөдөн - Корунга туруштук берер каруу жок.

Айганыш - Акылыңан адашпа, ата!

Дөдөн - Элин кантип кырдырып коёт? бар

Айганыш - Андай болсо макул ата, Ата.
Жоопту өзүм табайын.
Кан Корундун көңүлүн жайлап
Келген жолуна салайын.
Руксат бериңиз! /таазим кылат/

Дөдөн - Аллоакбар!.. кызым. макул ата

Айганыш - Иш дал мен айткандай болду,
Атам мени өзүктыярыма койду.

Гүлгаакы - Эми эмне кылмай болдук?

Айганыш - Гүлай, жанагы кыздарды жаныңа ал,
Эч кимге шек алдырбай
Токойго карай сал!

Гүлай - Жарайт, эже!

Айганыш - Гүлгаакы, менин кийим
жана жарагымды ал,
Кечиксек өлөбүз,
Тезинен баштыкка сал.

Салкын - Э, Айганыш, үйдөсүңбү?

Айганыш - О, кагылайын энекем,
Айым, күнүм, берекем!

Салкын - Алып жүрүп өлүп тын.

Айганыш - Кагылайын энеке,
Эч кайгы жебе.
Эдил абамы жашсың,
Мени кызсың дебе!

Башка кыйын иш түшсө,
Ар ким аны көрөт.
Жанын аяган коркоктор да
Акыры бир күнү өлөт.
Кыз, келиндерге өзүм барам,
Жигиттерди өзүң танда.
Жоо түн келеби
Же күн келеби,
Жигиттериңди шайдоот кылып камда.

Э д и л - Жигиттер сага акыл салат.

Айганыш - Ант берем,
Жигиттер эке алтыла!
Эми үйгө баргыла!
Мен кичине уктап эс алайын,
Корун келсе мага жибергиле,
Аңгемени өзүм салайын.
Баракой, кагылайын энекем,
Айым, күнүм, берекем!

Гүлгаакы - Кеттиби?

Айганыш - Кош кагылайын үйүм,
Билбеймин,
Кандай болот менин күнүм!

8

2-Сүрөт

/роль Айганыш /

Гүлгаакы - Кызара бертөсүң.

Айганыш - Ырас, Гүлгаакы!..

Экинчи кыз - Кантип, кимди табабыз?

Айганыш - Эсептен жаңылган колун санайт,
Караңгыда адашкан жылдыз карайт.

Экинчи кыз - Биз абдан жаңылдык.
Кыздар

А- V

Айганыш - Менин түшүм,
Кылган ишим,
Эч нерсеге окшобойт.

Кыздар - Кандай түш?

Айганыш - Менин түшүмбү?...
Жай, сары атан.. Мезгили..
Баарыбыз үйдө жүрдүк...
Түрдүү тамашага батып -
Каткырып күлдүк.
Айлана жашыл,
Асманда күн,
Жерде гүл,
Көңүл чиркин магдырап,
Бир жагымда- Курманбек,
Бир жагымда - Аккан,
Ойноктогон көз менен,
Жалындуу сөз менен,
Жүрөгүмдү жандырат...
Бирибизге бирибиз

Төп келдик да жараштык!
Кыз-келиндер шыңкылдап,
Боз уландар каткырып,
Баарыбыз ойноп бараттык.
Аңгыча болбой,
Жер жүзүн катуу шамал каптады,
Кыз-келиндер чырылдап,
Бирин-бири таппады.
Аккан артымдан жетти,
А,Курманбек болсо,
Бир чуңкурга түшүп кетти...

Кыздар -Түшүп кетти?!..

Айганыш - Ооба, түшүп кетти...
Мени шамал учуруп,
Өпкө-жүрөгүмдү куушуруп,
Элсиз чөлдө,
Бир көлгө
Алып барып салды.
Шумдуктуу бакалар тегеректеп,
Бардыгы жаныма келди.
Кандайдыр кандар агып,
Каптады бүтүн жерди.
Бир шумдуктуу кара чаар жылан,
Мени чагып ойноду.
Жаш жанымды кыйнабай,
Же жутунда ~~жеп да~~ койбоду...

Бетимден нур, ...
Денемден эт качып,
Белим беш бүгүлдү...
Көл четинде турган жалгыз гүл,
Эч нерсе тийбей үзүлдү,
Гүл үзүлүп жерге түшкөндө,
Жер бетине өрт кетти.
Көл күйүп олтуруп,
Өрт мага да жетти.

Гүлай - Ой, эжеке?..

Айганыш - Чочуп ойгонуп кетсем,
Түшүм экен.
Жакшылап жоругулачы,
Бул түшүм эмне болор экен?

Экинчи кыз - Эң жаман түш экен!

Айганыш - Ошондойбу?

Гүлгаакы - Эже, тетиги эмне? Карачы!..

Айганыш - Аркайган аска,
Куураган арча... /пауза/
Тетиги боз кумайда,
Жайылган - эчки,
Жуушаган -теке,
Анда-санда учкан канаттуу...
Башка эч нерсе көрүнбөйт.

Гүлгаакы - Кумарды да жазарбыз!..

Айганыш - Жомокту жүрөк сырым ким чечмекчи,
Деңиздей тереңине ким жетмекчи?
Сүйүкүү жибек болуу чалма салма,
Кутулуп ал чалмадан ким кетмекчи?

Гүлгаакы - Капаланба эжеке!. Туура эже

Айганыш - Ата-энемдин сөзүн укпай,
Алар берген күйөөгө чыкпай,
Ата-энеме чет болдум,
Өмүр бою айтардык
Эл-журтума кең болдум.
Түшүм да жаман,
Кайда барам?
Жок!..
Жаңылдым деп,
Ата-энеме-
Эми кайта баруу жок.
Сүйгөнүм үчүн,
Кылган анттан жануу жок!..

Гүлгаакы -Күлкү - өмүрдүн жан азыгы!

Айганыш - Туура, Гүлгаакы!..

Гүлгаакы - Баары бир арымың жетпейт.

Айганыш - Туура...

Гүлгаакы - Бирок, айтканыңыздан жаңылбаңыз!

Айганыш - Жок, мен айткан антымдан жаңылбаймын!..

Гүлгаакы - Баары бир арымың жетпейт.

Айганыш - Туура...

Гулгаакы- Бирок, айтканыңыздан жаңылбаңыз!..

Айганыш - Жок, мен айткан антымдан жаңылбаймын!..

Гулгаакы- Тушунбэймун.

Айганыш - Маанисин айтчы!

Гулай - айрылган кепэлектэй болдук.

Айганыш - Бул умутсуздун сөзу!

Гулгаакы - Ырас...

Айганыш - Ким убадага турат,
Ким убада учун ажалга моюу сунат?
Сен аны өз көзуң менен көргун!...

Гулгаакы- Чыда, Гулай!

Айганыш - Курманбек Аккан досун алып,
Ала-Тоону кыдырып чалып,
Жесекте журөт деп уктум,
Өзунчө сайран салып!..
Гулгаакы!
Сен тетиги аскага баргын!
Эрбеңдеген эл көрунөбу?
Эч нерседен кайра тартпас шер көрунөбу?
Бардыгын мыктап чалгын!
Гулай!
Сен бул жерде калгын,
Эки жакка көз салгын.
Кокус Курманбекке жолуксаң,

-Ким - деп сураса,
Айганыш мен де.
Мыктап сына,
Бирок, сырыңды бербе!
Биз тетиги булакка барабыз,
Ошол жерге эс алабыз.
/эки тарапка кетишет/.

Аккан - Ушул кыздын жолдошу чыгар!

Айганыш -О-о-о... Азыр барам...

Аккан - Сүйлөшөлү, карындаш!

Айганыш - Эмне болду?

Гүлгаакы - ~~Гүлайды жылдыр менен~~ уруп жыкты!

Айганыш - /Гүлайды көрүп/
Кош, Курманбек мырза,
Бул кандайча кыянатың-
Жанымдагы нөкөр кызга?

Гүлгаакы- Элден калган нарк ушул!..

Айганыш Кош, Курманбек мырза,
Жооп бер өлгөн кызга!...

Гүлгаакы - Тарт колуңду!

Айганыш - Ракмат, Курманбек мырза!
Баатырдыгыңды көрсөтүпсүң кызга!..
/пауза/

Мен, Айганыш!..
Өткөн жылы
Сени көрүп тойдон,
Уктасам түшүмдөн кетирбей,

Сыртыңан ашык болгом:
А сен болсоң
Мени көңүлүңө да албадың,
Өзүң барып эмес,
Арага киши да салбадың.
Намыс үчүн
Сага сыр ача албадым.
Ошентип жүргөндө,
Атаң-Тейитбек жуучуга барды.
Мага күйөө деп камдаптыр
Сенин душманың Корун Канды.
"Жүгүнүп, баш ийбесең,
Айганышты мага бербесең,
Элиңди чабамын,
Кызың - экөөңдү орго саламын!"-
Деп, Корун калайман салды.
Атам карыгандыгынан,
Элин аягандыгынан,
Мени Корунга бермек да болду,
Сени сүйгөн Айганыштын
Жүрөгү ууга толду.
Бирок, ишенгеним сен болдуң!
Ошондуктан,
Сен үчүн жок шумдукту баштап,
Ата - эне, эл-журтумду таштап,
Өлүмгө башты байлап,
Ушул теңтуштарымды алып
Жесек жесеп жүрөт деген
Кабарыңды кулагым чалып,

-Издеп мында келгемин!
Бирок, иш башка болуп чыкты.

Гүлгаакы- Мыкачы экенсиз!

Айганыш - Кызды көрүп кыйшаңдап,
Көңүлдөрү чапкандыр...
Намыс үчүн жаш Гүлай,
Каршылык сөзүн айткандыр.
Кыйынсынып кызды кордоп,
Жебелүү ~~жаа~~ машаа тарткандыр!
Жок, чыдабайм...
Мындай кордук иштерге.
Кызда болсом каршы турам,
Тажаал, тозок күчтөргө!..
Чыкжекеге!...Кезегиңди ал...
Болбосо,бергин кезекти!..
Кандуу майдан шарты ушул,
Тууралайлы эсепти...

Гүлгаакы - Кезекти бер, Курманбек?

Айганыш - ~~Кокустан, тойдо торго чалындым,~~
~~Жаным - дедим, түшүмдө мен жалындым.~~
~~Нан сураган кайырчыдай муңайып,~~
~~Кырсыгыңа эми минтип кабылдым!..~~
Далбас уруп көп аракет кылсам да,
Ашпайт окшойт оюм менин ойлогон.
Экөөбүздү бул кырсыкка кез кылбай,
Неге бизди жыгач кылып койбогон!..

Курманбек - Сүйгөндүгүм кайта албайм!

Айганыш - О, жараткан, бул кандайча кордугуң,
Экөөбүздү жасаганың жаш кылып?
Бирибизди бирибизге кас кылбай,
Мындан көрө жасасаңчы таш кылып!

Гүлгаакы - Эжеке! Гүлай тирүү!

Айганыш - Гүлай!


Гүлай - Мени көрүң...


Айганыш - Көрүн?!...

Гүлгаакы - Алмаштырган экемин го?..

Айганыш - Кечиргиле!...

көшөгө





# Э К И Н Ч И  А К Т

/Роль Айганыш /

Курманбек - Тизген берметтей чубалат!

Айганыш - Ырчы деген
Кадим булбул-
Унун уксаң талыкпас,
Асыл сөздүн кени ырчы
Уксаң көңүл чалыкпас. /Ичикти ырчыга жабат/.

Курманбек - Айганыш каршы болбосо..

Айганыш - Каршылыгым жок....

Д ө д ө н-Жакшы турасыңбы, Айганыш?

А й г а н ы ш-Жакшы турам,атаке!
Бирок, мен сизге айыптуумун!..
Сиздин тилиңизди албай,
Сиз бар деген Корунга барбай,
Эл алдында уят кылдым.
Чынында -
Бул иши эмес эле мендей кыздын.
Ырас, эл адатын четке кактым,
Бирок, теңимди таптым.
Ак сүйлөп, адалет айтар,
Эл кайгысын бөлүшүп тартар;
Оор жүгүңдү колунан алышар,
Душманыңа тике барышар,
Курманбек баатыр мына, ата!
Көкүрөгүңө кек сактабай,
Көңүлүңдү басып кет, ата!

\- Көзүңдү жашка жугузбай,
Кабагыңды ачып кет, ата!
Мен айыптуумун!
Алдыңызга тизе бүгөм,
Башымды ийем!

/таазим кылат/.

Тейитбек - Датыңарды уксун!

А й га ныш - /Гүлайга /
Мени жек көрөт,
Демек,сөзүмө кайдан көңүл бөлөт?
Атыңы бер деп сен айт!

жок
Т ей и т б е к- ~~Атасы Тейитбек тепкилеп көмдү~~!

А й г а н ы ш-Кагылайын, ата,
Антип болбо капа!

Тейитбек - Куттуу жеримден жогол!

А й г а н ыш-Мейлиз, ата, тилдеңиз,
Тилдеди деп кек кылбаймын.
Өлгөнчө кызматыңды кылууга,
Антыман да жылбаймын.
Жалгыз уулуң Курманбекти,
Атсыз жөө койбоңуз!
Тилекти кудай берсе,
Сиз үчүн сыймык эмеспи,
Уулуңуз душманды жеңсе!..

Тейитбек - Ысык канына тоём!..

Айганыш - Миң күнү кырылышсак да,
Бүгүн ырайымга көнүңүз!